# Жылдык план

Август

# 2022

Я. Камндеров атындагы орто мектеби
2022/2023-окуу жылында социалдык
педагогикалык иштерди уюштуруу

социалдык педагог
Нурманашева Нурсаак Ташиповна

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн**
**методикалык кабинетинин башчысы**
**Ч.Сатындиева** ____________________
**"25" 08 2022-жыл**

**БЕКИТЕМИН**
**Б. Календеров атындагы**
**орто мектебинин директору**
____________________
**"29" август 2022-жыл**

Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин социалдык педагогунун
2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн **ЖЫЛДЫК ИШ ПЛАНЫ**

***Социалдык педагогунун ишмердүүлүгүнүн максаты:***

- Баланын инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү
- Баланын өсүп-өнүгүүсү үчүн комплекстүү көмөк көрсөтүү
- Баланын жашоо мейкиндигинде коргоого кам көрүү
- Окуучулардын билим алуу укуктарын камсыз кылуу
- Окуучулардын социалдык, психологиялык жана физикалык ден соолугун сактоо жана чыңдоо

**Милдеттери:**

*Билим берүү мекемесинде балдарды маданияттуу жүрүм-турумун түзүүгө, алардын коомдук турмушуна көнүгүшүнө, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо менен мамиле жасоого, коомдук мүлккө жаратылышка жана жаныбарлар чөйрөсүнө аяр мамиле жасоого багытталган иштерди уюштуруу иштерин жүргүзүү.

*Окуучулардын жашоо шарттарын изилдеп, алардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, көйгөйлөрүн, чыр чатактуу жагдайларын, жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөрдү аныктап, өз учурунда жардам көрсөтүү.

*Окуучуларга психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүү, окуучу менен окуучунун, окуучу менен ата-эненин, окуучу менен мугалимдин, окуучу менен байланышкан башка адамдардын ортосундагы жагымсыз маанайларды, пикир келишпестиктерди , чыр-чатактуу учурларды жайгарып ортомчулук кылуу.

*Окуучулардын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга, жайлуу жана коопсуз жагдай түзүүгө, ден соолугун сактоого көмөк көрсөтүү.
*Камкорчулукка жана көзөмөлчүлүкө муктаж балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, ошондой оор абалга туш болгон балдарга, окуучуларга керектүү жардам көрсөтүү боюнча мугалимдер, ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдар, социалдык кызматтын адистери менен биргеликте иштерди жүргүзүү.
*Балдардын укук бузууларын, жолдогу транспорт кырсыгына, өрткө кабылуусун алдын-алуу боюнча иштерин жүргүзүшөт.
*Окуучулардын үйлөрүнө рейд жасайт.

***Социалдык педагогдун кесиптик сапаттары:*** ачыктык, кең пейилдүүлүк, эмпатия, деликатуулук, конкреттүүлүк, нарктуулук, табигыйлуулук.

***Принциптери***: мамиле түзө билгичтүүлүк, инсанга багытталуучулук, инсанды кабыл алуусу, конфиденциалдуулук.

***Функциялары:*** талдоочулук-диагносточулук, прогностук, уюштуруучулук- коммуникативдик, коррекциялык , социалдык-профилактикалык, координациялоочулук-уюштуруучулуук, социалдык-педагогикалык, окуучуларга жардам көрсөтүүчүлүк, психикалык-терапиялык, ортомчулук, өз алдынча билим алуучулук.

***Методдору:*** инсанды, социумду, үй бүлөнү диагностика методу, оозеки сөз (баяндоо, аңгеме, түшүндүрүү, дискуссия, лекция), тарбия методдору (ынандыруу, үйрөтүү, мактоо, жазалоо, мотивация, иш аракетке тартуу), уюштуруучулук-тартипке салуу методдору (инструктаждоо, нормага салуу, контроль, текшерүү, аткаруу, сын-пикир). Бул методдор социалдык педагог жактан төмөндөгүдөй учурда колдонулат:

Баланын проблемасын аныктагандан кийин;
Инсандык өзгөчөлүгүнө карата;
Үй бүлөдөгү мамилелердин деңгээлине жараша;
Адистин өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүгүнө жараша

| К/Н | АТКАРЫЛУУЧУ ИШ-ЧАРАЛАР | МӨӨНӨТҮ | ЖООПТУУ | РЕСУРСТАР | КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖА |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1. Баардык курактагы балдардын социалдык жана жекече көйгөйлөрүн аныктоо максатында социалдык изилдөө жүргүзүү.** | | | | |
| 1. | Социалдык маалымат базазүү<br>1. Жетим, соц.жетим, толук эмес үй-бүлөлөрдө жашаган окуучулар<br>2. Өгөй ата-эненин колундагы балдар<br>3. Сырткы ички мигрантардын балдары<br>4. Көп балалуу, социалдык жактан аз камсыз болгон үй бүлөлөр<br>5. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген,<br>6. ИДНдин каттосундагы окуучулар<br>7. Баткен, Афган, Чернобль окуяларынын балдары<br>8. Туугандарынын үйүндө тарбияланган балдар | сентябрь | соц пед класс жетекчилер | маалымат базасы КРӨ 2017.19.06. № 388 токтому | категория боюнча маалымат базасы тизме |
| 2. | 1. Мектеп окуучуларынын үй-бүлөсүнүн соц.карталарын түзүү. | сентябрь октябрь | соц пед класс жетекчилер | ата-эне окуучу | анкета |
| | **2.Балдардын укугун коргоо** | | | | |
| 1 | 1. Окуучулардын кызыкчылыгын укугун коргоо ( педсоветте прокуратурада, сотто ж.б учурларда) | Жыл ичинде | соц пед | Баланын укугу жөнүндө конвенция КР балдар жөнүндөгү кодекси | протокол |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2. Чоңдор тараптан кысымчылыкка, зордук-зомбулукка дуушар болгон балдарды коргоо жана жекече колдоо көрсөтүү.<br>3. Баланын укуктарын коргоо боюнча класстык сааттар, жат жазуу, сүрөт конкурсун уюштуру<br>4. Балдарды үй бүлөдөгү ырайымсыз мамиледен коргоо<br>5. Өзгөчө кырдаал жаралып дистанттык окутуу окутуу болуп калса балага жана ата-энеге психологоиялык колдоо көрсөтүү түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | декабрь<br>ай сайын<br>убагында | класс жетекчилер көркөм өнөр предметинин мугалимдери<br>мектеп администр соц пед кл.жет | КРӨ 2019-жылдын 1-августу № 390 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө<br>КРӨ 22- июнь 2015-жыл № 391 турмуштук оор кырдаалада турган балдарды жана үй бүлөлөрдү табуу | протоколдор<br>обход<br>үй кыдыруу актысы |
| **3.Алдын алуу иштери** | | | | | |
| 1 | • Алдын алуу Кеңешинин курамын түзүү | сентябрь | ата-энелер комитети | ата-энелер чогулушунда | протокол |
| 2 | • Алдын алуу Кенешинин чогулуштарын өткөрүү<br>• Тобокел тобундагы балдарга мектеп каттоосунда турган балдарга профилактикалык иш жүргүзүү.<br>• Алдын алуу кенешине сунуштоо | ай сайын | алдын алуу кенеши | ИИМнен келген буйруктар | протоколдор<br>балдар менен жекече иштөө дептери |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | • Ар кандай каттоодо опуртал топто, мектеп ичинде козөмөлдө, ЖӨИИнин каттоосунда турган окуучулар менен алдын алуу түзөтүү иштерин камсыз кылуу<br>• Рейд жүргүзүү<br>• Жашыруун сурамжылоо жүргүзүп анкета алуу | ай сайын<br><br>айына бир жолу | кл жет<br>соц пед<br>ЖӨИИнин инспектору | ББМ буйругу<br>Балдардын укугу ж-до конвения,<br>балдардын учету ж-дө инструкция | байланышуу дептери<br>байкоо барагы<br><br>диаграмма |
| 3 | • Укук бузууга жол берген окуучулар, балдарды тарбиялоодо өз милдетин аткарбаган жана аларга терс таасирин тийгизген ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) тууралуу укук коргоо органдарына билдирүү. | | мектеп админ<br>соц коргоо бөлүму | К.Р.Балдар кодекси<br>ИИМнен келген буйруктар | ата-эне менен байлаышуу дептери |
| 4 | • Насвай -деген эмне? зыяндуу жактары<br>• Тамеки- ден соолукка зыян<br>• Алкоголизм коркунучу<br>• Интернет зыяндуу жана пайдалуу жактары<br>• Гендердик тенчиликке жетишүү. Кыздардын эрте никеге туруусу эмне менен коркунучтуу<br>• Кыз ала качуу бул кылмыш<br>• Адам сатууга жол бербөө | октябрь<br>ноябрь<br>декабрь<br>январь<br>февраль | класс жетекчилер<br><br>кыздар уюму | РББнөн келген буйруктар<br><br>КРкылмыщ жаза кодекси 155 берене<br><br>08.07.2022-ж РБББ№60 буйругу | конспект |
| **4.Үй-бүлөгө колдоо көрсөтүү. Кайрымдуулук иштери** | | | | | |
| 1 | • Окуучулардын өздүк документтерин калыбына келтирүүгө жардам берүү<br>• Ата-энелердин баланы тарбиялоодогу маданиятын жогорулатууга ата-энелик милдеттерге аң-сезимдүүмамиле жасоого көмөктөшүү | Зарыл учурда | уюштуруучу<br>соц пед<br>ата-энелер комитети | Баланын укугу жонүндө конвенция<br>Үй бүлө кодекси | оздук документтер |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | • Социалдык жактан кароого алынган окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруу<br>• 3-декабрь ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата кайрымдуулук акциясын уюштуруу<br>• Томолой жетим, толук эмес үй-бүлөдө тарбияланган балдарды жаңы-жылдык балаты кечелерине катыштыруу | июнь<br>декабрь | профсоюз уюму<br>ата-энелер комитети<br>соц пед<br>айыл өкмөтү | КРӨ балдарды улгайган адамдарды жана майыптарды коргоо боюнча 10.04.2012 № 237 токтому | кайрымдуулук акциясы протокол, акт |
| **5.Социалдык педагогикалык консультациялар** | | | | | |
| 1 | • Оор жашоонун кырдаалына туш келген окуучулар үчүн кеп кенеш уюштуруу жана өткөрүү<br>• Окуучуларга кесиптик багыт берүүдөгү консультациялар | зарыл учурда | соц пед<br>соц кызматкер | Баланын укугу жөнүндө конвенция Билим берүү мыйзамдары | ангемелешүү байланышуу дептери<br>профориентация |

Райондук усулдук бирикменин жетекчиси
Э.Ж. Байсеркеева ____________

“ 29 ” ______ 08 ______ 2022-жыл